Кыргыз Республикасынын
Адвокатурасынын Адвокаттар
Кеңешинин
2018-ж. «__»-июлундагы
Чечими менен бекитилген

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун алкактарындагы ички өз ара аракеттенишүү жөнүндө

**ЖОБО**

Бишкек-2018

## МАЗМУНУ


**Мазмуну…………………………..........…………….…..……………….2**

**Преамбула………..………….....……………………….....………………4**

**1. Жалпы жоболор**……………………..…..……........……………………4

1.1. Негизги түшүнүктөр………………………………….......................5

1.2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумундагы мыйзамдар………..……………...................................................

1.3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жөнүндө жалпы маалымат...........................................................................…….…

2. **Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумундагы өз ара аракеттенишүү**…......................…………………………………..….2

2.1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын алкактарындагы өз ара аракеттенишүүнүн максаты ……….................................……

2.2. Аймактык адвокатуралар жана ыйгарым укуктуу органдын аймактык түзүлүштөрү менен өз ара аракеттенишүү.........……......

2.3. Адвокаттарды квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча мамлекеттик адвокаттар реестрине киргизүү үчүн документтерди берүү тартиби жана жол-жобосу ………......……

2.4. Адвокаттардын нөөмөтүнүн графиги...……………………….........

2.5. Адвокаттардын ишмердигине жана көрсөтүлүп жаткан квалификациялуу юридикалык жардамдын сапатына мониторинг жүргүзүү ……………………...........……….................……......

**3. Корутунду жоболор**…………………………….............………..……..

**Тиркемелер**

№1 тиркеме ……………………………………………………………......

(“Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын алкактарындагы квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү тууралуу Келишимдин формасы КР ЮМнын 2018-ж. ________ №______ буйругуна карата 1-тиркеме)

№2 тиркеме …………………………………………………………......
(Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар Кеңешинин 2017-ж. «20»-сентябрындагы Чечими менен бекитилген мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды сунуштоого катышуу үчүн адвокаттарды тандоо критерийлери жөнүндө жобо).

№3 тиркеме ………………………………………………………..……
(Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар Кеңешинин 2017-ж. 19-октябрындагы Чечими менен бекитилген мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумундагы кылмыш иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапат стандарттары)

№4 тиркеме ………………………………………………………..……
(Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар Кеңешинин 2018-ж. 8-июнундагы Чечими менен бекитилген мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумундагы жарандык жана административдик иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапат стандарттары.)

№5 тиркеме ………………………………………………………...……….
(Адвокаттын мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча эмгегине акы төлөө тартиби. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №594 токтому менен бекитилген)

№6 тиркеме …………………………………..…………………..…......
(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №594 “Адвокаттын мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча эмгегине акы төлөө тарифтерин бекитүү жөнүндө” токтому (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 7-майындагы №247 токтомунун редакциясында)

№7 тиркеме ………………………..…..……………….…..…….….......
(Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча Борбор жөнүндө жобо. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 31-майындагы №314 токтому менен бекитилген)

№8 тиркеме ………………………..…..……………….…..…….….......

(Адвокат көрсөткөн мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамдын Регистрин жүргүзүүнүн тартиби жана формасы жөнүндө жобо. Тиркеме 2 к приказу МЮ КР №79 от 25.04. 2018г.)

№ 9 тиркеме Өз ара аракеттенишүү түзүмү…..……………………..…43

## Преамбула

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесине ылайык жогорку баалуулуктар катары урматтоо менен, Кыргыз Республикасындагы мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (МКЮЖ) тутумун актуалдаштырууга жана өнүктүрүүгө аракети бар экенин билдирет.

Ушул жобо өзү менен Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокаттардын кеңеш берүү-укуктук жана квалификациялуу юридикалык жардамды көрсөтүүгө катышуусун камсыздоо боюнча ички өз ара аракеттенишүү жөнүндө талаптардын жыйнагын көрсөтүп турат жана аны Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын бардык аймактык түзүлүштөрү, органдары жана аппараты тарабынан колдонуусуна карата ишке ашыруу учурунда милдеттүү болуп саналат. Ушул жобону колдонууга байланышкан маселелер Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттарды Окутуу борборуна даректелген болушу мүмкүн.

Жобо Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы тараптан анын аймактык органдарын, адвокаттарды жана МКЮЖду башкаруудагы ыйгарым укуктуу органдын аймактык түзүлүштөрүнүн мамлекет тарабынан көрсөтүлө турган Кыргыз Республимкасынын Конституциясынын 40-беренесинде караштырылган квалификациялуу юридикалык жардамды алууга карата укуктарды камсыздоо үчүн өз ара аракеттенишүүсүнүн натыйжалуу тутумун калыптандырууга арналган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесине ылайык, Конституция Кыргыз Республикасында жогорку юридикалык күчкө жана тике таасирге ээ. Мыйзамда белгниленген тартиптк күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы алардын катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпыга таанылган прицниптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналышат. Эл аралык келишимдерди жана эл аралык укуктун жалпы бирдей таанылган принциптерин жана ченемдерин колдонуу тартиби жана шарттары мыйзамдар тарабынан аныкталышат.

Квалификацияланган юридикалык жардам мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесине ылайык, чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга, качкындарга, Кыргыз Республикасы анын катышуучусу болуп саналган эл аралык келишим же мыйзам менен белгиленген учурлардан башка учурларда Кыргыз Республикасынын жарандары менен теңдеш сунушталууга тийиш. Кыргыз Республикасынын «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» мыйзамдын 3-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасы ушул мыйзам менен каралган

учурларда **бардык адамдарга жана жактарга юридикалык жардам алууга карата теңдеш жеткиликтүүлүктү** кепилдейт.

## 1. Жалпы жоболор

### 1.1. Негизги түшүнүктөр

Ушул документтин текстинде төмөнкүдөй кыскартуулар пайдаланылышат:

1) **МКЮЖ –** мамлекет кепилдеген юридикалык жардам.

2) **КРА** же **Адвокатура** - Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы

3) **АА** же **КРА филиалы** – аймактык адвокатура – Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын филиалы.

4) **Адвокат –** Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын мүчөсү болуп саналган жана МКЮЖ АМРге киргизилген жана ыйгарым укуктуу орган менен келишим түзгөн адвокат.

5) **МКЮЖ КБ** – ыйгарым укуктуу органдын алдындагы мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор – мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды сунуштоо боюнча адистештирилген мекеме.

6) **КУЖ** – кеңеш берүүчү-укуктук жардам.

7) **КЮЖ** - квалификацияланган юридикалык жардам.

8) **МКЮЖ АМР** - КЮЖ көрсөтүү боюнча адвокаттардын мамлекеттик реестри, аны жүргүзүүнү ыйгарым укуктуу орган жүзөгө ашырат.

9) **АЮЖБ** – акысыз юридикалык жардам көрсөтүү боюнча борбор.

## 1.2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумундагы мыйзамдар

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумундагы мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынан, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынан жана Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунан жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумундагы өз ишмердигинде жогоруда аталган ченемдик акттарды жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

Ушул Жободо, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жетекчиликке алып, 21-беренеси менен Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын төмөнкү жолдор менен квалификацияланган юридикалык жардамды сунуштоо тутумунда катышуусу караштырылган:

1) квалификацияланган юридикалык жардам берүү жөнүндө келишимдин формаларын иштеп чыгуу (№1 тиркеме);

2) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунда катышышкан адвокаттарды тандоо критерийлери жөнүндө жобону иштеп чыгуу жана бекитүү (№2 тиркеме);

3) квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын иш сапатынын жана ага баа берүүнүн стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү (№3 тиркеме жана №4 тиркеме)

4) квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын эмгегине акы төлөө тарифтерин жана шарттарын иштеп чыгуу (КРӨТ менен бекитилген тарифтер жана төлөө шарттары №5 тиркеме, №6 тиркеме);

5) ыйгарым укуктуу орган менен чогуу квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын кызмат көрсөтүүлөрүн каттоону жүргүзүү тартибин жана формаларын жана маалыматты сактоо мөөнөтүн иштеп чыгуу;

6) адвокаттадын иш алып баруусуна жана көрсөтүлүп жаткан квалификацияланган юридикалык жардамдын мониторинги;

7) аймактык адвокатуралардын Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүнү координациялоо боюнча борбору жана анын аймактык түзүлүштөрү менен өз ара аракеттенишүүлөрү;

8) ыйгарым укуктуу органдын сууштоосу боюнча Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы адвокаттар тарабынан кесиптик этика эрежелерин бузуу тууралуу арыздарды жана даттанууларды карайт.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жөнүндө жалпы маалымат

Ушул Жобо боюнча өз ара аракеттенишүүнүн негизги аспекти болуп Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын стратегиялык жана тактикалык максаттарына жана милдеттерине, ички контролдоого жетишүүгө багытталган тийиштүү тутумду түзүү жана мындай өз ара аракеттенишүүнүн натыйжалуулугун камсыздоого көмөк көрсөтүү эсептелет.

**Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы** – бул өз алдынча башкарылуучу адвокаттардын кесиптик коомдоштугу, ал Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын милдеттүү мүчөлүгүнө негизделген, кесиптик кызыкчылыктардын жалпылуулугунун негизинде түзүлөт, алардын кызыкчылыктарын туюндурууга жана коргоого, адвокаттардын квалификациясын жогорулатууга жана адвокаттык ишмердикти өнүктүрүүгө чакырылган, өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын Конситуциясына, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына, Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына,Уставга жана ички ченемдик акттарга ылайык жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасын түзүүнүн жана анын иш алып баруусунун негизги **максаттары** болуп Адвокатураны жана адвокаттык ишмердикти өнүктүрүү; Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокаттарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын туюндуруу, көрсөтүү, жайылтуу жана коргоо; кесиптик деңгээлде көрсөтүлүп жаткан квалификациялуу юридикалык жардамды камсыздоо; адвокаттардын квалификациясын жогорулатуу эсептелет.

Адвокатура жарандык коомдун институту катары мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумуна кирбейт жана өз ишин ушул Мыйзамга жана Адвокатуранын уставына ылайык жүзөгө ашырат.

Адвокатураны башкаруунун жогорку органы болуп Адвокаттар Съезди эсептелет. Адвокатуранын коллегиалдуу аткаруу органы болуп КРАнын Съездинде түзүлө турган Адвокаттар кеңеши эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, мыйзамдарга ылайык аракеттенип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын, юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын принциптерин жана презумпцияларын ишке ашырып, мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын алкактарында муктаж болгондорго квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча уюмга катышууну

зарыл деп эсептейт жана адвокаттар үчүн адвокаттык ишмердиктин түрлөрүнүн төмөнкү тизмегин сунуштайт:

1) укук маселелери боюнча, оозеки түрүндө сыяктуу эле, жазуу формасында дагы консультацияларды берүү;

2) укуктук мүнөздөгү арыздарды, даттанууларды, өтүнүч каттарды жана башка документтерди түзүү;

3) ишеним артуучунун (корголуучунун) кызыкчылыктарын көрсөтүү жана/же коргоо жана кылмыш, жарандык жана административдик иш өндүрүүлөргө катышуу;

4) аткаруучулук ишке, ошондой эле кылмыш жазасын аткаруу учурунда катышуу.

Адвокат Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка жардамды көрсөтүүгө укуктуу.

Адвокатура уюштуруу-укуктук формасы – филиал болгон төмөнкүдөй **аймактык адвокатуралarга (АА)** ээ болот:

1. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын «Бишкек шаарынын Адвокатурасы» Филиалы (17.08.2015-ж. каттоодон өткөн);
2. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын – «Ош шаарынын Адвокатурасы » филиалы (04.08.2015-ж. каттоодон өткөн);
3. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын – «Баткен областынын Адвокатурасы» филиалы (21.08.2015-ж. каттоодон өткөн);
4. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын – «Жалал-Абад областынын Адвокатурасы» филиалы (03.09.2015-ж. каттоодон өткөн);
5. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын – «Ысык-Көл областынын Адвокатурасы » филиалы (14.08.2015-ж. каттоодон өткөн);
6. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын – «Нарын областынын Адвокатурасы» филиалы (28.07.2015-ж. каттоодон өткөн);
7. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын – «Ош областынын Адвокатурасы» филиалы (01.09.2015-ж. каттоодон өткөн);
8. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын – «Талас областынын Адвокатурасы» филиалы (02.09.2015-ж. каттоодон өткөн);
9. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын – «Чүй областынын Адвокатурасы» филиалы (10.07.2015-ж. каттоодон өткөн).

ААнын коллегиалдуу аткаруу органы болуп Башкарма саналат. Аймактык адвокатуранын Башкармасынын Төрагасы белгиленген формалар боюнча статистикалык жана финансылык отчетторду уюштурат жана Адвокаттар кеңешинин жана контролдоочу органдардын алдында отчет берет. АА Башкармасынын Төрагасы жалпысынан тиешелүү аймактагы мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү тутумундагы ишти координациялайт.

## 2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумундагы өз ара аракеттенишүү

### 2.1. МКЮЖдун алкактарындагы өз ара аракеттенишүүнүн максаты

МКЮЖдун алкактарында өз ара аракеттенишүүнүн максаты Адвокатуранын жана анын аймактык органдарынын МКЮЖ АМРге киргизилишкен адвокаттар тарабынан аз камсыз болгондорго жана Кыргыз Республикасынын калкынын аярлуу катмарларына, чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга аракеттеги мыйзамдарга ылайык квалификацияланган юридикалык жардамды уюштуруу, берүү жана көрсөтүүгө көмөк берүү болуп эсептелет.

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун алкактарындагы максаттарга жетишүү үчүн Адвокатура өзүнүн аймактык органдары (АА Башкармасы) аркылуу алардын компетенциясына киргизилген, төмөнкүлөрдө туюндурулган көмөк көрсөтүүнү уюштурат:

1) Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алууга муктаж болушкан жарандардын, чет өлкөлүк адамдардын, жарандыгы жок адамдардын жана качкындардын конституциялык укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын Мыйзамда каралган учурларда ишке ашырууга көмөк көрсөтүү;

2) МКЮЖ КБ жана анын аймактык түзүлүштөрү менен АА Башкармасы аркылуу кызматташууну уюштуруу, координациялоо жана көмөк көрсөтүү;

3) Адвокаттардын МКЮЖ берүүдө МКЮЖ КБ менен өз ара аракеттенишүү жана МКЮЖ АМРди толуктоо аркылуу катышуусун камсыздоо;

4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү масеелери боюнча ыйгарым укуктуу органга сунуштарды киргизүү (КРАнын Уставынын 5.3.2. п.);

5) адвокаттардын – Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын АМРге киргизилген мүчөлөрүнүн кваификациясын жогорулатууга көмөк көрсөтүү;

6) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү тутутумунда катышып жаткан адвокаттардын тизмесин (ички реестрин), анын ичинде аймактуулугу боюнча жана адистешүүсү боюнча жүргүзүү (МКЮЖ КБ жөнүндө Жобонун 3-бөлүмүнүн 9-п. 4-пп.);

7) адвокаттардын ишмердигинин жана көрсөтүлүп жаткан квалификацияланган юридикалык жардамдын сапатына мониторинг жүргүзүү, анын ичинде МКЮЖ КБ сунуштоолорун, адвокаттарга болгон арыздарды жана даттанууларды карап чыгуу;

8) ыйгарым укуктуу органдын адвокаттар тарабынан кесиптик этиканы мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунда бузуу тууралуу сунуштоолорду карап чыгуу;

9) Адвокатуранын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү тутумунда иш алып барышкан чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар, коомдук бирикмелер менен кызматташуусун уюштурууга көмөк көрсөтүү.

**2.2. Аймактык адвокатуралар жана ыйгарым укуктуу органдын аймактык түзүлүштөрү менен өза ара аракеттенишүү**

Адвокаттардын МКЮЖ көрсөтүүдөгү катышуусун камсыздоо АА менен өз ара аракеттенишүү аркылуу МКЮЖ КБнын аймактык түзүлүштөрү менен КУЖ берүү жана жеке адамдарга КЮЖ көрсөтүүнү уюштуруу үчүн жүзөгө ашырылат.

1. **КУЖ** МКЮЖ тутумунун бардык субъекттери тарабынан алардын компетенциясына кире турган маселелер боюнча төмөнкү түрдө жүзөгө ашырылат:

1) укуктук маалымат берүү;

2) оозеки формасында укуктук консультациялоо, ошондой эле укук маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү;

3) жазуу формасында укуктук консультация берүү, укуктук мүнөздөгү арыздарды, даттанууларды жана башка документтерди түзүү (процессуалдык мүнөздөгү документтерден башкалары);

4) адамдын квалификацияланган юридикалык жардамга жеткилитүүлүгүн камсыздоого көмөк көрсөтүү;

5) МКЮЖ мыйзамы менен караштырылган укуктук жардамдын башка формалары.

**КУЖ** берүү **АА** тарабынан МКЮЖ КБнын аймактык түзүлүштөрү менен декадаларды, коммуникациялык технологияларды жана байланыштын башка формаларын пайдалануу менен камсыздалышы мүмкүн болгон акысыз консультацияларды берүү боюнча айлыктарды өткөрүү учурунда уюштурулат.

**АА**да КУЖ арыз берүүчүлөрдү/алуучуларды кабыл алуунун төмөнкүлөрдү камтыган тиешелүү журналы жүргүзүлөт:

1) арыз берүүчүнүн/алуучунун ФААсы;

2) кабыл алуу күнү жана убактысы (кайталап кабыл алуу учурунда тиешелүү белги жасалат);

3) берилген укуктук суроонун кыскача мазмуну;

4) КУЖ берилгендиги жөнүндө белги (канааттандыраарлык/ канааттандыраарлык эмес);

5) эскертүү.

Берилген КУЖдар саны жөнүндө маалымат, анын ичинде журналдарды катталганы тууралуу МКЮЖ ААнын куратору тарабынан КРА Адвокаттар кеңешине кварталына 1 жолудан кем эмес ирет жөнөтүлүп турат (акыркы айдын 25-күнүнөн кечиктирбестен, ошондой эле

каалаган учурда адвокаттар кеңешинин же КРА аппарат жетекчисинин талап кылуусу боюнча).

КУЖды берүүнүн натыйжалуу тутумун түзүү максатында өтө көп бериле турган, ААда каттала турган суроолор тизмеги, анын ичинде МКЮЖ КБ менен электрондук байланыштын жардамы аркылуу жөнөтүлүп турушу мүмкүн, ал бул суроолорду электрондук базага киргизет.

**2. КЮЖ** МКЮЖ АМРге киргизилишкен, МКЮЖ тутумунун субъекттери катары ыйгарым укуктуу орган менен келишим түзгөн адвокаттар тарабынан гана көрсөтүлөт жана төмөнкү түрдө жүзөгө ашырылат:

1) укуктук маалыматты берүү;
2) оозеки формада укуктук консультация берүү, ошондой эле укук маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү;
3) укуктук консультация берүү жана түшүндүрмөлөрдү берүү;
4) процессуалдык документтерди (арыздарды, даттанууларды, өтүнүч катарды жана башка укуктук мүнөздөгү документтерди) түзүү;
5) адамдардын квалификациялуу юридикалык жардам алууга карата жеткиликтүүлүгүн камсыздоого көмөк көрсөтүү;
6) кылмыш, жарандык жана административдик сот иштеринин бардык баскычтарында кылмыш, жарандык, административдик иштер боюнча өкүлчүлүк жана/же коргоо.

МКЮЖ тутумунун алкактарындагы жооптуу адамдар: Адвокаттар кеңешинин төрагасы, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын аппаратынын жетекчиси, аймактык адвокатуралардын башкармаларынын төрагалары жана тиешелүү аймактардын МКЮЖ ААсынын кураторлору.

МКЮЖ КБнун жооптуу адамдары: МКЮЖ КБнун директору жана тиешелүү аймактык түзүлүштөрдүн координаторлору.

Жогоруда көрсөтүлгөн адамдардын өз ара аракеттенишүүсү тике түрдө, жазуу жүзүндө же коммуникациялык технологияларды (интернет, телефон, мобилдик байланыш жана тиркемелерди) колдонуу менен жүзөгө ашырылат.

МКЮЖ ААнын **кураторун** АА башкарма мүчөлөрүнүн ичинен бекитүү АА башкармасынын төрагасынын КРА аппаратына жөнөтүлгөн тиешелүү аймактын башкармасынын чечиминин негизиндеги сунуштоосу боюнча жүргүзүлөт.

МКЮЖ АА куратору, ал эми ал жок учурда тиешелүү аймактын АА башкармасынын төрагасы тике түрдө жер-жерлердеги координатор менен өз ара аракеттенишет.

МКЮЖ АА куратору МКЮЖ адвокаттарынын нөөмөтчүлүк графигине ылайык катышуусунун тиешелүү аймактын координатору менен биргеликте өз маалында камсыздалып турушу үчүн жооп берет.

Райондор жана адистешүүсү боюнча бөлүштүрүү менен МКЮЖ актуалдуу тизмелерин жүргүзүү, аларды КРА аппаратына жөнөтүүсү үчүн жоопкерчилик МКЮЖ ААнын кураторунда болот.

МКЮЖ ААнын куратору тиешелүү аймактын ААсынын атынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен калкка адвокаттар тарабынан консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу түзүү мүмкүндүгү үчүн, КУЖ сунуштоодогу адвокаттардын катышуу жүгүртмөсүн белгилөө менен өз ара аракеттенише алат. Мындай жүгүртмө тиешелүү аймактын адвокаттары менен макулдашылат («МКЮЖ жөнүндө» Мыйзамдын 12-бер. 3-бөл.). КУЖ беришкен адвокаттар, жүгүртмөгө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан алынган каражаттардан макулдашуу боюнча келип жаткан мындай каражаттарды бөлүштүрүүнүн АА башкармасы бекиткен тартибине ылайык сый акы ала алышат.

ААда МКЮЖ көрсөтүү тутумунда катышып жаткан адвокаттар тизмесин утурумдук жылдын 25-декабрынан кечиктирбестен МКЮЖ КБнун тиешелүү аймактык түзүлүшүнө жөнөтүүнү контролдоо АА башкармасынын төрагасында болот. Мындай тизмелерди жөнөтүү МКЮЖ ААнын куратору тарабынан жүзөгө ашырылат.

Ыйгарым укуктуу органга же МКЮЖ КБна ААдан адвокаттардын кызыкчылыктарын коргоого кайрылуулар келип түшкөн учурда ошондой эле маалымат үчүн КРАга мындай кайрылуунун көчүрмөсүн дагы жөнөтүү керек. Жооп жок болгон учурда, ошондой эле МКЮЖ КБ же ыйгарым укуктуу органдын кызмат адамы тарабынан эч кандай аракеттер болбосо токтоосуз түрдө Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына маалымдоо керек.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы МКЮЖ маселелери боюнча ыйгарым укуктуу орган менен өз ара аракеттенишет.

### 2.3. Адвокаттардын нөөмөт өтөө графиги

МКЮЖ жөнүндө мыйзам менен, КЮЖ, МКЮЖ АМРга киргизилген жана ыйгарым укуктуу орган менен келишим түзгөн адвокаттар тарабынан гана көрсөтүлө тургандыгын аныктаган, ал эми арыз берүүчүлөр жана адвокаттар ортосундагы өз ара аракеттенишүүнү МКЮЖ КБнун координаторлору камсыздашат.

МКЮЖ көрсөтүү тутумуна катышуучу адвокаттар тизмеси, жыл сайын КРА аймактык адвокатуралары тарабынан МКЮЖ координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык түзүлүштөрү (координаторлору) тарабынан, ал эми Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына талап кылуу боюнча каалагандай учурда берилип турат.

МКЮЖ координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу орган Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайтына квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүү боюнча Адвокаттардын мамлекеттик реестрин жайгаштырат, ошондой эле жыл сайын аймактык адвокатураларга жана КРАга төмөнкүлөрдү берип турат:

1) Адвокаттардын мамлекеттик реестрине квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттардын тизмеси;
2) Квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө алар менен келишим түзүлгөн адвокаттардын тизмеси.

Адвокатты КЮЖ көрсөтүүгө катышуу үчүн дайындоо координатор тарабынан түзүлүүчү жана аймактык адвокатура жана/же адвокат менен макулдашылган адвокаттардын нөөмөт өтөө графигине ылайык гана жүзөгө ашырылат. Графикти жүргүзүү жана МКЮЖ тутумунун тиешелүү субъекттерине, анын ичинде КРА ААга дагы жөнөтүү координатор тарабынан жүзөгө ашырылат. Координатордон алынган графикти багыттоо ААдан аны координатор менен тактагандан кийин мүмкүн болот.

Координатор менен макулдаштырылган адвокаттардын нөөмөткө туруу графигин МКЮЖ ААнын куратору же АА башкармасынын төрагасы Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына кийинки айдын башталышына чейинки 7 күндөн кечиктирбестен, же зарыл болгон учурда Адвокаттар кеңешинин же КРА аппаратынын суроо-талабы боюнча жөнөтөт.

КЮЖду көрсөтүүнү өз маалында жана натыйжалуу камсыздоо үчүн координатор нөөмөт өтөө графигинде запастык деп атала турган адвокаттарды көрсөтөт, алар адвокаттар график боюнча иш жүргүзүүгө чыга албаган учурда иштешет.

Нөөмөт өтөө графигин адвокат тарабынан сактабай коюу, нөөмөт өтөөгө чыгуу мүмкүн болбой тургандыгын маалымдабоо же өз маалында маалымдабай коюу алуучунун укуктарын жана эркиндиктерин бузууга алып келген, тиешелүү процессуалдык документ (токтом же жекече

аныктама) менен тастыкталган учурда адвокаттардын кесиптик этикасын бузууга теңдештирилет.

Координатор жер-жерлердеги нөөмөт өтөө графигин адвокаттардын ишинде мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын алкактарында календардык айдын ичинде 10 (ондон) ашык эмес кылмыш иши болгондой кылып эсептеп түзөт жана жүргүзөт.

КЮЖ көрсөткөндүгү үчүн акы төлөөдөн КБнун баш тартуусун болтурбоо үчүн адвокаттарга кабыл алынган иштердин санына көз салып туруу сунушталат.

МКЮЖ ААнын куратору МКЮЖ адвокаттарынын тизмелерин түзөт, ошондой эле тиешелүү аймактагы МКЮЖ тутумунун алкактарында адвокаттардын нөөмөт өтөө графигине ээ болууга тийиш. Координатордон адвокаттардын нөөмөт өтөө графигин албаган учурда же өз маалында эмес алган учурда, МКЮЖ ААнын куратору бул тууралуу билдирмени Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына жана МКЮЖ КБна тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн кайрылууга милдеттүү болот.

МКЮЖ ААнын куратору адвокаттар тарабынан нөөмөт өтөө графиги бузулган учурда тиешелүү материалды Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын этика боюнча комиссиясына жөнөтөт.

Адвокаттар тарабынан МКЮЖ тутумунун алкактарында нөөмөт өтөө графигин же адвокатты дайындоо тартибинде бир нече ирет тартип бузуулар аныкталган учурларда МКЮЖ ААнын куратору Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына МКЮЖ АМРден чыгарып салуу жол-жобосун козгоо үчүн сунуштоону жөнөтүүгө укуктуу болот.

## 2.4. Адвокаттарды квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттардын мамлекеттик реестрине (МКЮЖ АМРге) киргизүү үчүн документтерди берүү тартиби жана жол-жобосу

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамга теңдеш жеткиликтүүлүктү камсыздоодо Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын бардык окутуудан өткөн жана тиешелүү сертификатты алышкан мүчөлөрү документтер топтомун жыйнашы керек жана тике түрдө же аймактык органдар аркылуу координаторго МКЮЖ АМРге киргизүү маселесин кароо жана келишимге кол коюу үчүн берүү зарыл болот.

2.4.1. МКЮЖ АМРге киргизүү үчүн окутуудан өткөн талапкер-адвокаттын аракеттери:

1) Адвокаттарды тандоо критерийлери жөнүндө Жобого ылайык Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Адвокаттар кеңешинин Чечими менен бекитилген мамлекет кепилдеген квалификацияланган юридикалык жардамды сунуштоого катышуу үчүн МКЮЖ АМРге киргизүү жөнүндө АА аркылуу ыйгарым укуктуу органдын бекитилген формасы боюнча арыз берүү;

2) адвокаттык ишмердикти жүзөгө ашыруунун тандалган уюштуруу-укуктук формасын көрсөтүү менен ААнын адвокаттык ишмердик стажы жөнүндө маалымкаттарды суроо, алуу, ошондой эле АА аркылуу КРАнын этика боюнча Комиссиясына акыркы жыл ичиндеги дисциплинардык жазалоосунун жоктугу тууралуу маалымкатты сурап алуу жана кошо тиркөө;

3) МКЮЖ сертификатынын көчүрмөсүн (МКЮЖ боюнча сертификаттын бар болушу милдеттүү) тиркөө;

4) КРА АОБдун адистештирилген курстары боюнча сертификаттары бар учурда (мисалы, административдик жол-жоболор боюнча) көчүрмөлөрүн кошо тиркөө.

МКЮЖ боюнча тренингдерден өткөндүгү жөнүндө сертификаты квалификациясын жогорулатуу катары мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүп жатышкан адвокаттарга гана жарактуу катары эсептелиши мүмкүн.

2.4.2. Окутуудан өткөн МКЮЖ АМРга адвокат-талапкерди киргизүүгө карата МКЮЖ ААнын кураторунун аракеттери:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө катышуу үчүн адвокаттарды тандоо критерийлери жөнүндө Жобого шайкештигине текшергенден кийин (2-тиркеме) адвокаттын МКЮЖ АМРге киргизүү жөнүндө арызын каттоодон өткөрүү;

2) МКЮЖ КБнун аймактык түзүлүшүнө МКЮЖ АМРге киргизүү тууралуу документтерди, ошол эле маалда Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына (КРА аппараты) билдирмени жөнөтүү менен берүү;

3) Адвокатты МКЮЖ АМРге киргизгенден жана ал тараптан МКЮЖ КБ менен Келишимге кол коюлгандан кийин, МКЮЖ тизмелерине жаңыртууларды, аны Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына милдеттүү жөнөтүү менен киргизүү.

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын аракеттери (КРА аппаратынын жетекчиси катары):

1) Тиешелүү аймактын адвокаттарынын документтери МКЮЖ АМРге киргизүү тууралуу жөнөтүү жөнүндө билдирмени алгандан кийин, кийинки күндөн кечиктирилбестен билдирмени МКЮЖ КБнун директоруна адвокат-талапкердин АА аркылуу документтерин бергендиги жөнүндө билдирме жиберет.

2) МКЮЖ КБнан келишимге кол коюу жана МКЮЖ АМРге киргизүү тууралуу жоопту алгандан кийин, МКЮЖдун тиешелүү тизмелерине өзгөртүүлөрдү тиешелүү ААга билдирме жөнөтүү менен киргизет.

3) 10 (он) жумуш күнү ичинде МКЮЖ АМРге киргизүү жөнүндө маалыматты албаган учурда, ыйгарым укуктуу органдын (тиешелүү аймактын МКЮЖ КБ координаторунун) мындай аракеттеринин же аракеттенбей коюуларынын себептерин МКЮЖ КБна жана Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына билдирмелерди жөнөтүү менен аныктайт.

4) Адвокатты МКЮЖ АМРден чыгарып салуу же Келишимди бузуу тууралуу маалымат алынган учурда, жазуу жүзүндө билдирмени тиешелүү ААга «МКЮЖ тизмесиндеги өзгөрүүлөр» белгиси менен жөнөтөт.

## 2.5. Адвокаттардын ишмердигине жана адвокаттар тарабынан көрсөтүлүп жаткан квалификацияланган юридикалык жардамдын сапатына мониторинг жүргүзүү

Адвокаттардын ишине мониторинг жүргүзүү жана адвокаттардын иш сапатына жана баа берүүсүнө мониторинг жүргүзүү үчүн мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун алкактарында квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын иш сапатынын стандарттары иштелип чыгарылган жана бекитилишкен (№_3, №_4 тиркемелери), анда адвокаттын иш алып баруусуна карата коюлуучу минималдуу талаптар көрсөтүлүшкөн. Ошондой эле ыйгарым укуктуу органы менен биргеликте квалификацияланган юридикалык жардамды көрсөтүүчү адвокаттардын кызмат көрсөтүүлөрүн каттоону жүргүзүү тартиби жана формасы (адвокаттык досье) иштелип чыгарылган (№_8 тиркеме).

Мониторингдин төрт түрүн бөлүп карашат:

1. МКЮЖ тутумунда квалификацияланган юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын катышуусунун проблемалуу аспекттерине талдоо жүргүзүү.

Мониторинг жүргүзүүнүн аталган түрүнүн жыйынтыктары боюнча АА КРА Адвокаттар кеңеши аркылуу МКЮЖ тутумундагы адвокаттардын катышуусун камсыздоодо натыйжалуулукту жогорулатуу боюнча сунуштарын берет.

2. Көрсөтүлүп жаткан КЮЖдун натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү жана баа берүү (белгилүү мөөнөт – 3 жыл аяктагандан кийин).

3. Адвокат тарабынан көрсөтүлүүчү квалификацияланган юридикалык жардамдын сапатына берилген Каттоо (иш боюнча адвокаттык досье) боюнча баа берүү. Адвокат тарабынан түзүлгөн каттоодо камтылган процессуалдык документтер саны сапатка баа берүүнүн милдеттүү критерий болуп эсептелбейт.

4. Адвокаттардын кесиптик этикасын бузуп жаткан адвокаттардын ишмердигине талдоо жүргүзүү жана баа берүү.

Алуучулардан, ошондой эле ыйгарым укуктуу органдан АМРде турган адвокатка карата даттануулар жана/же арыздар алынган учурда МКЮЖ ААнын куратору дисциплинардык өндүрүштү кароо үчүн материалдарды топтойт жана тиешелүү корутундусу менен чечимдерди кабыл алуу үчүн этика боюнча Комиссияга жөнөтөт.

## 3. Корутундулоочу жоболор

Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо борбору менен өз ара аракеттенишүүчү аймактык органдар аркылуу адвокаттардын МКЮЖга катышуусун камсыздайт.

КРА АА МКЮЖ тутумун жайылтуу, мотивациялоону жогорулатуу жана МКЮЖ АМРдеги адвокаттар санын жогорулатуу боюнча ишти жүргүзөт.

ААдагы МКЮЖ адвокаттарынын актуалдуу тизмелерин жүргүзүү мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүүдөгү адвокаттардын катышуусун камсыздоо үчүн зарылдык катары эсептелет.

КРА адвокаттарынын кеңеши зарыл болгон учурда МКЮЖ тутумундагы адвокаттардын катышуусун камсыздоонун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштарын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө «МКЮЖ жөнүндө» Мыйзамдын 18, 20 бер. ылайык жөнөтөт.

Адвокат төмөнкүлөргө укуктуу:

1) КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттын эмгегине акы төлөө тартибине ылайык акы талап кылууга жана алууга (№_6 тиркеме).

2) Кылмыштык из кубалоо органынан координаторго анын квалификацияланган юридикалык жардам берүүгө дайындалышы жөнүндө билдирмени жөнөтүүсүн талап кылууга.

Кесиптик ишмердикти каржылоо жана тапшырманы аткаруу учурундагы чыгашаларды компенсациялоонун өлчөмү ыйгарым укуктуу органдын аймактык түзүлүшү тарабынан тиешелүү ишти тастыктоочу (КЮЖ) документтери боюнча аныкталат.

№1 тиркеме
(“Мамлекет кепилдеген юридикалык
жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын
мыйзамынын алкактарындагы
квалификациялуу юридикалык
жардам көрсөтүү тууралуу
Келишимдин формасы КР ЮМнын
2018-ж. ________ №______ буйругуна карата 1-тиркеме)

**КЕЛИШИМ № __**

“ Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жонундо” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алкагында квалификациялык юридикалык жардам корсотуу тууралуу Бишкек ш.
20__ - жылдын _______________

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбордун координатору
_________________________________________________________,
“Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жонундо” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде жана кызматтык ыйгарым укуктарына ылайык иштеген (мындан ары текст боюнча-координатор) , бир тараптан, ______
жана адвокат ______________________________________________
(аты_жону) _____________________________________________,
паспортунун № _________ , ______________ берилген _______________,
лицензиясынын № _______, _______________ берилген _______________,
юридикалык жардам корсотуу боюнча адвокаттардын мамлекеттик реестринде турган (мындан ары текст боюнча – адвокат) № ________, экинчи тараптан, биргеликте Тараптар деп аталышат, бул тараптар “ Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жонундо” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын алкагында ишке ашырылуучу квалификациялык юридикалык жардам корсотуу жонундо томонку келишимди (мындан ары текст боюнча – Келишим) тузушту:

## 1. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Ушул Келишимдин шарттарына ылайык адвокат алуучуга мамлекет кепилдеген квалификациялык юридикалык жардамды (мындан ары текст боюнча-жардам) жеке озу берууго, ал эми Кыргыз Республикасынын Юстиуция министрлигинин алдындагы Мамлекет

кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор Кыргыз Республикасынын мамлекет кепилдеген квалификациялык юридикалык жардамга акы толоо жонундо мыйзамында белгиленген тартипте жана шарттарда адвокат тарабынан корсотулгон жардамга акы толоого милдеттенет.

1.2. Адвокат жардам корсотуудо ишке жогорку кесиптик квалификациялык мамиле кылууну камсыз кылат, иштин бардык стадияларына жеке озунун катышуусун жана болуусун камсыз кылат, озунун материалдарын жана жабдууларын колдонот, ошондой эле алуучуга жардамды эн мыкты корсотуу учун ар кандай башка факт жузундого жана юридикалык иш-аракеттерди корот.

1.3. Ушул Келишимдин максаттары учун жардамды алуучу деп Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык квалификациялык юридикалык жардам корсотулушу керек болгон ар кандай жеке жак тушунулот.

1.4. Келишим 20__ - жылдын ___________ 20 __ жылдын _______ чейин колдонулат.

## 2. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**2.1. Координатор томонкулорго милдеттуу:**

2.1.1. Арыз беруучу менен мындай жардамды корсоткон адвокаттын ортосундагы оз ара аракеттушуну камзыс кылууга.

2.1.2. Ушул келишимге ылайык координатор тарабынан кабыл алынуучу жардам корсотуу тартиби менен байланышканчечимдер тууралуу маалымат адвокатка берууго.

2.1.3. Адвокат корсотуучу жардамдын журушун жана сапатын контролдоону ишке ашырууга.

2.1.4. Жардам беруу учун бардык зарыл болгон маалыматты жана документтерди, ошондой эле жардам корсотуунун журушундо адвокатка пайдалуу болгон башка маалыматарды Адвокатка оз убагында берууго.

2.1.5. Адвокаттын жана башка ыйгарым укуктуу адамдардын алынган, жардам беруу менен байланышкан маалыматтарды учунчу жактарга бербоого жана Алуучунун жана/же Адвокаттын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын зыян келтириши мумкун болсо, ал маалыматтарды кандайдыр бир турдо колдонбоого.

**2.2. Координатор томонкулорго укктуу:**

2.2.1. Адвокаттын кесиптик ишине кийгилишпестен, адвокат алуучуга корсотуп жаткан жардамды координациялоого жана контролдоого.

2.2.2. Тиешелуу талап коюлган кундон тартып уч жумуштуу кундон кечиктирбестен адвокаттын жардам корсотуу менен байланышкан оозеки жана жазуу жузундогу тушундурмолорду аалуга.
2.2.3. Адвокаттын тарабынан корсотулуучу мамлекет кепилдеген квалификациялык юридикалык жардамдын регистрин суратууга.

**2.3. Адвокат томонкулорго милдеттуу:**

2.3.1. Адвокатура Кенеши тарабынан бекитилген (№1 тиркеме) жана ушул Келишимдин ажырагыс болугу болуп саналат “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам корсотуу сапатынын стандарттарына” ылайык жардам берууго.
2.3.2. Алуучуга квалификациялык юридикалык жардамды оз учурунда жана толук коломдо корсотууго.
2.3.3. Адвокаттардын кесиптик этикасынын эрежелерин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын квалификациялык юридикалык жардам корсотууго тиешелуу болугундогу талаптарды сактоо.
2.3.4. Ушундай маалымат ачыктоо милдети Кыргыз Республикасынын мфйзамдардын ченемдери менен Адвокатка жуктолгон учурларды кошпогондо, адвокатка конкреттуу иш боюнча жардам корсотуунун журушундо белгилуу болуп калган ар кандай маалыматтын толук жашырундуулугун камсыз кылууга.
2.3.5. Алуучуга анын укутары жана милдеттери, квалификациялык юридикалык жардам алуу шарттары жана тартиби жонундо толук маалымат берууго.
2.3.6. Адвокат тарабынан корсотулуучу мамлекет кепилдеген юридикалык регистрин жургузуу тартиби жана формасы жонундо жобого ылайык корсотулуучу мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын регистрин жургузууго.
2.3.7. Жардам корсотуу аяктаган учурдан тартып уч жумушту кундон кеч эмес моонотто белгиленген талаптарга ылайык корсотулгон юридикалык жардам жонундо отчет тузугоо жана аны координаторго беругоо.
2.3.8. Кезметке туруу графигине ылайык кезметке туруу куну оз убагында жардам корсотууну камсыз кылуу учун адвокат кординатор менен дайымаа байланышта болууга.
2.3.9 Координатордун тиешелуу чечими чыгарылгандан кийин иаилекет кепилдеген квалификациялык юридикалык жардам корсотууго киришууго.

**2.4. Адвокат томонкулорго укутуу:**

2.4.1. мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында Координатор жана Кыргыз Репсубликасынын Адвокатурасы тарабынан кабыл алынуучу чечимдер жонундо маалымаь алууга.
2.4.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана шарттарда корсотулгон квалификациялык юридикалык жардам учун мамлекеттик бюджеттен акы алууга.
2.4.3. ыйгарым укутуу органга жана сотко арыз жана даттану менен кайрылууга.
2.4.4. Ушул келишим боюнча озунун милдеттенмелерин аткаруу учун зарыл болгон ар кандай маалыматты Координатордон алууга.
2.4.5. “Кыргыз республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жонундо” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында, “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жонундо” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында каралган адвокаттын бардык укуктарын колдонууга.

**3. Акы толоо шарттары жана тартиби.**

3.1. Адвокат тарабынан алуучуга корсотулгон квалификациялык юридикалык жардамга акы толоо шарттары, тартиби жана тарифтер мыйзамда белгиленген тартипте аныкталат.

**4. Купуялуулук.**

4.1. Маалымат беруу формасы, ыкмасына жана тартибине карабастан тараптардын бири-бирине же алуучунун адвокатка берген ар кандай маалыматы, ошондой эле Регистирде сакталган маалымат купуя болуп саналат.

4.2 Тараптар башка тараптан алынган маалыматын толук купуялуулугун камсыз кулууга, аны учунчу жакка жайытоолого милдеттенет, буга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлар, ошондой эле бул квалификациялык юридикалык жардам корсооту учун зарыл болгон учурлар кирбейт.

**5. Тараптардын жоопкерчилиги**

5.1 Ушул келишимдин шарттарынан аткарбагандыкы же толук эмес аткаргандыгы учун тарптар Кыргыз Республикасынын мыйзамындарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
5.2. Адвокат “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жонундо” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын, ушул келишимдин шаттарынан, адвокаттык иш жонундо Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Адвокаттар кесиптик этикасынын кодексин бузган учурда Борбор координатордун сунушу боюнча томонкулорго укутуу:
1). Квалификацыялык юридикалык жардам корсотуудон адвокатты убактылуу четтетигоо;

2). Квалификациялык юридикалык жардам корсотуу жонундо келишимди бузууга;
3). Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык таасир этуунун башка чараларын коруууго;
5.3. Адвокат адвокаттардын кесиптик этикасынын колдонуудагы ченемдердин жана эрежелерин бузгандыгы учун Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

6. Келишимди токтотуунун (бузуунун) негиздери жана тартиби.

6.1. Бул юридикалык жардам корсотуу жонундо келишимдин колдонулушу томонкудой:
1). Адвокат арыз берсе;
2). Адвокатка карата сотко чейнки ондуруш болсо.
6.2. Томонкудой учурларда бул келишим токтотулуп, ал эми адвокат Квалификациялык юридикалык жардам корсотуу боюнча адвокаттардын мамлекеттик реестринен чыгарылышы мумкун:
1). Адвокат арыз берсе;
2). Квалификациялык юридикалык жардам корсотуу жонундо келишим бузулса;
3). Адвокат адвокаттык иш жургузуу укугуна лицензиясын ажыраса/токтотула турса;
4). Келишимдин аракетинин мооноту отушу боюнча.
6.3. Тараптар келишим бузулган же келишимдин аракетинин мооноту аяктаган кунго чейин пайда болгон бардык озунун милдеттерин аткарышы керек.
6.4. Координатор ушул келишимди бузуу датасына чейин корсотулгон жардам жонундо адвокаттын отчетун алууга жана корсотулгон жардамга акы толоо жонундо жуйолуу чечим чыгарууга милдетуу.
6.5. Адвокат келишим бузулгандан кийин беш жумуш кундон кечиктирбестен Координатордон алынган баардык документтерди жана Регистрди кабыл алуу-откоруп беруу актысы боюнча откоруп берууго милдетуу.

7. **Келишимден чыккан талаш-тарташтарды чечуу.**
7.1. Талаш-тартыштарды чечуунун дооматтык (сотко чейнки) тартиби Тараптар учун милдеттуу болуп саналат. Талаш-тартышдарды доомат жонотулгон кундон тартып отуз календардык кун откондон кийин сотко чейинки жонго салуу боюнча чараларды Талаптар коргондон кийин соттун чечуусуно берилиши мумкун.
7.2. Ушул Келишимден келип чыккан талап-тартыштар Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык соттук тартипте чечилет.

## 8. Корутунду жоболор

8.1. Ыйгарым укуктуу орган квалификациялык юридикалык жардам корсотуу жонундо келишимдин жыл сайын адвокаттар менен тузот.
8.2. Келишимге ар кандай озгортуулор жана толуктоолор алар жазуу жузугдо болуп жана Тараптар кол койгон шарты анык. Ушул келишимге тиркемелер анын ажырагыс болугу болуп саналат.
8.3. Келишим ар бир Тарап учун бирден, 2 (эки) нускада тузулду.
8.4. ушул Келишим боюнча укутук мамилерер эмгектик мамилелер болуп саналбайт.

## 9. Тараптардын дареги, реквезиттер жана кол тамгалары.

| **Координатор** | **Адвокат** |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык Жардамды координациялоо боюнча борбор** | ______________________<br>**дареги:**<br>______________________<br>______________________ |
| | **катталган жери:** |
| 720010, Бишкек ш., М.Ганди коч, 32 | ______________________ |
| ИНН 01403197010012 | ______________________ |
| ОКПО 00015711 0253101 2 | ИНН: |
| Ленин РОК | ______________________ |
| Эсеп-кысабы 1299002381182006З | Банктын реквизиттери: |
| Атай. Эсеби 1299002382820072 | |
| РСК Банк ААКы, Бишкек ш. | |
| БИК 129001 | |
| Юстмин о/эсеп 205201275 | |
| Координатор | Адвокат |
| ______________________________ | ______________________________ |

№ 2 тиркеме

*Кыргыз*
*Республикасынын*
*Адвокатурасынын*
*Адвокаттар кеңешинин*
*2017-жылдын 20-*
*сентябрындагы чечими*
*менен бекитилди*

**Мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамды көрсөтүүгө катышуу үчүн адвокаттарды тандоонун чен белгилери жөнүндө жобо**

1.Ушул Мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамды көрсөтүүгө катышуу үчүн адвокаттарды тандоонун чен белгилери жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 30-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча адвокаттардын мамлекеттик реестрин (мындан ары – Адвокаттар реестри) түзүү максатында иштелип чыкты.

2. Жобо мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамды көрсөтүүгө катышуу үчүн адвокаттарды тандоонун чен белгилерин белгилейт.

3. Адвокаттарды мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамды көрсөтүүгө катышуусу Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор менен өз ара аракеттенген, облустардын, Бишкек жана Ош шаарларынын аймактык адвокатуралары тарабынан камсыздалат.

4. Адвокаттарды тандоо чен белгилери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) адвокаттын аны МКЮЖ боюнча адвокаттардын Мамлекеттик реестрине киргизүү жөнүндө арызынын болушу;

2) "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, Аймактык адвокатуранын бир жылдан кем эмес адвокаттык иш стажы жөнүндө жана адвокаттык ишти жүргүзүүнүн тандалган уюштуруу-укуктук формасы жөнүндө маалым каттарынын болушу;

3) адвокаттык ишинин акыркы жылында тартипке чакыруу жазасынын жоктугу тууралуу маалым каттын болушу;

4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттар үчүн курстан өтүү жөнүндө тастыктаманын болушу.

Адвокаттар үчүн адистештирилген курстар боюнча адвокаттардын окуу борборунун тастыктамаларынын болушу артыкчылык катары эсептелет.

№3 тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Адвокатурасынын
Адвокаттар кеңешинин
2017-ж. октябрындагы
№ 19 чечими менен
«Бекитилди»

**Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында жазык иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапатынын стандарттары**

Бишкек-2017

## Преамбула

Ушул Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам системасында жазык иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын ишинин сапатынын стандарттары (мындан ары текст боюнча - Стандарттар) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Адвокаттардын кесиптик этика кодексинин негизинде «Кепилденген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы тарабынан иштелип чыкты.

Стандарттар мамлекет кепилдеген юридикалык жардам (мындан ары текст боюнча - МКЮЖ) системасынын алкагында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу максатында иштелип чыкты жана бекитилди жана адвокаттын мыйзам менен тыюу салынбаган башка каражаттарды пайдалануусун чектебеген жазык иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттын ишине карата бирдиктүү талаптарды камтыйт.

Стандарттарга ылайык адвокат жасай турган иш-аракеттердин ырааттуулугу жана жетиштүүлүгү жазык ишинин конкреттүү жагдайлары менен аныкталат.

Стандарттардын жоболору адвокат мыйзамдын талаптарын сактаган шартта, анын көз карандысыздыгына карама-каршы келген иш-аракеттерди жасоосун буюрган же жол берген катары чечмеленбеши керек.

## 1. Жалпы жоболор

1. Адвокат Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбордун координатору (мындан ары текст боюнча – Борбордун координатору) тарабынан Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттардын мамлекеттик реестринен (мындан ары текст боюнча - Реестр) дайындалат.

МКЮЖ алуучулар «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинде көрсөтүлгөн адамдар болуп саналат.

2. Адвокат Борбордун координаторунун аны дайындоо жөнүндө чечиминин жана конкреттүү ишке катышуу үчүн ага берилген ордердин негизинде жазык ишине киришет.

3. Координатор тарабынан дайындалган адвокат кылмыш кылууда шектүүнү кармаганда токтоосуз катышат.

4. Борбордун координаторунун дайындоо жөнүндө чечими жок жазык ишине катышуу адвокатка карата тартип өндүрүшүн козгоо үчүн негиз катары кызмат кылат.

5. Адвокат кызыкчылыктар кагылышы же анын пайда болуу тобокелдиги болгон учурларда, МКЮЖ алуучусунун (мындан ары текст боюнча - алуучу) кызыкчылыктарын коргоону ишке ашыра албайт.

6. Адвокат жеке коргонуу учурларынан тышкаркы, эч кандай жагдайларда квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү менен байланыштуу ага белгилүү болгон жана адвокаттык сырды түзгөн маалыматтарды жарыялоого укуксуз.

7. Адвокат жазык иши боюнча Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча регистр (мындан ары текст боюнча - Регистр) жүргүзүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардамдын сапаты Регистрдин материалдары менен ырасталат.

8. Жактоону ишке ашыруу процессинде адвокат процесстин каалаган баскычында:

- МКЮЖ алуучуга кеңеш берет жана ага процесстик укуктарын жана милдеттерин, иш боюнча колдонулуучу материалдык жана процесстик укуктардын ченемдерин түшүндүрүп берет;
- МКЮЖ алуучуга иштин материалдары менен таанышууда, өтүнүч, даттануу же башка процесстик документтерди жазууда жардам көрсөтөт же аларды өз алдынча даярдайт;
- мыйзам менен тыюу салынбаган башка коргоо каражаттарын жана ыкмаларын пайдаланат.

9. Адвокат ал дайындалган баскыч аяктагандан кийин же Борбордун координаторунун чечими боюнча ишке өзүнүн катышуусун токтотот.

Процесстин кийинки баскычтарына катышуу үчүн, Борбордун координатору адвокатты дайындоо жөнүндө жаңы чечим чыгарат жана ордер-тапшырма берет.

10. Жазык ишине катышууну токтоткон адвокат Регистрди Борбордун координаторуна кабыл алуу-өткөрүү акты боюнча берүүгө милдеттүү.

11. Адвокат мыйзамдын талаптарына ылайык бардык МКЮЖ алуучуларга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

## 2. Шектүүнү кылмыш жасап жатканда кармаганда адвокаттын иш-аракеттерине карата минималдуу талаптар

12. Борбордун координатору дайындаган адвокат бир сааттын ичинде кармоону ишке ашырган органга келүүгө, кармоонун негиздери жөнүндө маалыматты, ошондой эле жазык ишин козгоо жөнүндө токтомдун жана кармоо протоколунун көчүрмөлөрүн алууга милдеттүү.

13. Адвокат кармалган адам менен токтоосуз жолугуп, жеке биринчи сурамжылоону өткөрүшү керек.

14. Адвокат тергөө органдары жана башка адамдар тарабынан кармалган адамга карата физикалык же психикалык басым көрсөтүүнүн бардык иш-аракеттерине каршы турушу керек.

15. Адвокат кармоо, жеке тинтүү протоколдору менен таанышып жана зарыл болгондо өзүнүн жазуу түрүндөгү эскертүүлөрүн киргизиши керек.

## 3. Тергөөдө адвокаттын иш-аракеттерине карата минималдуу талаптар

16. Адвокат алуучунун катышуусу менен өткөрүлгөн бардык процесстик жана тергөө иш-аракеттерине катышууга милдеттүү.

17. Эгер тергөө иш-аракеттери адвокат катышпай өткөрүлсө, алардын натыйжасында алуучунун укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулса, адвокат аларды даттанууга милдеттүү.

18. Адвокат тергөө органдарынын өкүлдөрү жана башка адамдар тарабынан алуучуга карата физикалык же психикалык басым көрсөтүүнүн бардык иш-аракеттерине каршы турушу керек.

19. Адвокат алуучу менен иш боюнча позицияны макулдашуусу керек. Бул максаттарда адвокат жазык ишинин жагдайларын аныктоого карата чараларды көрөт.

20. Адвокат корголуучуга айып тагууда жана ага баш коргоо чарасын дайындоодо катышууга милдеттүү.

21. Корголуучу күнөөсүн моюнга алган учурда, адвокат анын укуктук кесепеттерин түшүндүрүп берүүгө жана күнөөнү моюнга алуу ыктыярдуу экенине жана жалган моюндоо эместигине ынанууга милдеттүү.

22. Адвокат эркинен ажыратууга байланышпаган, баш коргоо чарасын дайындоо тууралуу өтүнүч менен тергөөчүгө жана/же сотко кайрылууга милдеттүү.

23. Адвокат эгер сот тарабынан корголуучуну кармоону мыйзамсыз деп таанууга алып келген жагдайлар жана жазык ишин маңызы боюнча сот тарабынан караганга чейин камактан бошотуу мүмкүнчүлүгүн эске алынбаса, камакка алуу түрүндөгү баш коргоо чарасын дайындоо тууралуу сот актысын даттанууга милдеттүү.

24. Адвокат сот камакка алуунун мөөнөтүн узартуу жөнүндө маселени караганда корголуучуну бошотууну талап кылууга милдеттүү.

25. Адвокат тигилген жана номерленген түрдө жазык ишинин материалдары менен, бардык болгон документтердин тизими менен таанышууга милдеттүү.

3) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү системасына катышкан адвокаттар менен квалификациялуу юридикалык жардам берүү жөнүндө келишимдерди түзөт;
4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү системасына катышкан адвокаттардын тизмесин аймактар боюнча сот органдарына, прокуратура органдарына, укук коргоо органдарына, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына жөнөтөт;
5) Борбор менен адвокаттын ортосунда түзүлгөн келишимде көрсөтүлгөн документтерди берүү менен координаторлордон жана адвокаттардан маалыматтарды текшерүү, мониторинг жүргүзүү, талап кылуу, юридикалык жардамды алуучуларды ж.б. анкетирлөө аркылуу адвокаттар тарабынан көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардамдын сапатын баалайт;
6) квалификациялуу юридикалык жардамды көрсөткөндүгү үчүн адвокатка акы төлөйт;
7) адвокатка төлөнгөн акынын негиздүүлүгүн контролдойт;
8) адвокат тарабынан көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардам боюнча алуучулардын даттанууларын карайт;
9) адвокатка карата анын кесиптик этиканын эрежелерин бузгандыгы жөнүндө даттануу түшкөн учурда даттанууну, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына жөнөтөт;
10) көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардам боюнча кварталдык жана жылдык аналитикалык отчетторду түзөт жана аларды Министрликтин коллегиясынын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министринин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна берет жана Министрликтин сайтына жарыялайт;
11) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнү каржылоо боюнча сунуштарды иштеп чыгат;
12) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн бөлүнгөн финансы каражаттарынын пайдаланылганы жөнүндө ар кварталдык отчетторду иштеп чыгат жана Министрликке берет;
13) жарандарды, чет өлкөлүк жарандарды, жарандыгы жок адамдарды жана качкындарды мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү системасынын иштеши жөнүндө маалымдоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана ишке ашырат;
14) Кыргыз Республикасында мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүүчү уюмдарга жана адвокаттарга методикалык жана уюштуруучулук колдоо көрсөтөт;
15) Министрликтин аймактык бөлүнүштөрүнүн алдындагы акысыз юридикалык жардам көрсөтүү боюнча борборлордун ишин жалпы координациялоону ишке ашырат;
16) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери менен алектенген ЖОЖдор, эл аралык, коммерциялык эмес уюмдар менен өз ара аракеттенет;

17) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери боюнча конференцияларды, семинарларды, тренингдерди уюштурат жана өткөрөт, мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери боюнча кызыкдар субъекттер менен координациялык жолугушууларды уюштурат;
18) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдайт жана аларды Кыргыз Республикасынын Юстиция министрине берет;
19) Борбордун ишинин багыттарын каржылоо үчүн бюджеттен тышкаркы булактарды тартат;
20) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүүдө пайдаланылуучу документтердин формаларын жана бланкаларын иштеп чыгат жана бекитет;
21) Министрликтин аймактык бөлүнүштөрүнүн алдындагы консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү боюнча борборлорго методикалык жана уюштуруучулук колдоо көрсөтөт.

10. Борбор "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык башка функцияларды аткара алат.

11. Борбор өз ишинде Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, сот, укук коргоо органдары, башка мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү чөйрөсүндө иштеген чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар менен кызматташат.

**4. Борбордун түзүмү**

12. Борбордун түзүмү жана штаттык ырааттамасы Кыргыз Республикасынын Юстиция министри тарабынан бекитилет.

13. Борбордун ишин Кыргыз Республикасынын Юстиция министринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу директор жетектейт.

14. Борбордун директорунун "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык дайындалуучу бир орун басары болот.

15. Борбордун курамына ушул Жобонун негизинде иш алып барган жана мамлекеттик жарандык кызматчы болуп саналган, мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү боюнча координаторлор кирет.

**5. Борбордун директорунун ыйгарым укуктары**

16. Борбордун директору:
1) Борбордун ишин пландаштырат жана анын аткарылышын камсыздайт, Борборго жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;
2) өзүнүн компетенциясынын чегинде буйруктарды чыгарат, Борбордун бардык кызматкерлеринин аткаруусу үчүн милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү берет;

3) Борбордун кызматкерлери үчүн зарыл болгон шарттарды, материалдык-техникалык жабдууну камсыз кылат, жабдууларды коопсуз техникалык эксплуатациялоо эрежелеринин сакталышын контролдойт;
4) мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, башка уюмдар жана жактар менен мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери боюнча өз ара аракеттенет;
5) мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, башка түзүмдөрдө, ошондой эле жарандык коомдун алдында Борбордун кызыкчылыктарын коргойт;
6) Борбордун иши жөнүндө отчетторду даярдайт жана берет;
7) Борбордун ишин жетектөө боюнча башка ыйгарым укуктарды аткарат.
17. Борбордун директору жок учурда анын милдеттерин директордун орун басары аткарат.

**6. Борбордун мүлкү**

18. Борборго бекитилип берилген мүлк мамлекеттин менчиги болуп эсептелет.
19. Мүлк Борборго ыкчам башкаруу укугунда бекитилип берилет жана анын багытталышына ылайык пайдаланылат.

**7. Борборду кайра уюштуруу жана жоюу тартиби**

20. Борборду кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында каралган тартипте ишке ашырылат. Кайра уюштуруу ыктыярдуу же мажбурлоо түрүндө жүргүзүлүшү мүмкүн.
21. Борбордун иши Министрликтин, сот органдарынын чечими боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздерде токтотулушу мүмкүн.
22. Борбордун ишинин токтотулушун каттоо датасы болуп каттоочу орган тарабынан тиешелүү буйрук чыгарылган дата таанылат.
23. Борбордун иши токтотулган учурда анын ишинин жүрүшүндө пайда болгон документтер "Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пайдаланылат жана сакталат.

№ 5 тиркеме

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2011-жылдын 23-сентябрындагы
№ 594 токтому менен
бекитилген

**Адвокаттардын мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча эмгегине акы төлөөнүн**
**ТАРТИБИ**

1. Бул, Адвокаттардын мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча эмгегине акы төлөөнүн тартиби (мындан ары - Тартип) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40 жана 99-беренелеринин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 45 жана 46-беренелеринин, "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана "Адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде, мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөткөн адвокаттын эмгек акысын төлөө тартибин жана шарттарын аныктоо максатында иштелип чыккан.

2. Бул Тартип Адвокаттардын мамлекеттик реестрине кирген жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги менен мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча келишим түзгөн адвокаттарга карата колдонулат.

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү жөнүндө келишимдин формасын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги аныкталган тартипте бекитет.

3. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды (мындан ары -МКЮЖ) алууга юридикалык жардам алуу үчүн керектүү жылдык кирешеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген эң төмөнкү киреше деңгээлинен ашпаган Кыргыз Республикасынын жарандары укуктуу.

Эгерде ал адамдын карамагында багуусундагы адамдар бар болсо жана/же ал адам үй-бүлөнүн багуучусу болсо, анда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү маселесин чечүүдө үй-бүлөнүн жан башына карата орточо жалпы кирешеси эсепке алынат.

Ошондой эле, юридикалык жардам алуу үчүн зарыл болгон жылдык кирешенин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген деңгээлин эсепке албастан юридикалык жардамды алууга төмөнкүлөр укуктуу:

- жашы жете электер;

- майыптыктын 1 жана 2-тобундагы адамдар;

- сүйлөө, угуу, көрүү функциялары олуттуу бузулган, психикалык оорулардан жапа чеккен адамдар;

- өзгөчө оор кылмыш жасады деп шектелген, айыпталган адамдар;

- жумушка орноштуруу кызматында эсепте турган жумушсуздар;

- мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчылары.

4. Адвокаттын эмгек акысы төмөнкүдөй учурларда төлөнөт:

- шектүү адамды түнкүсүн, майрам жана эс алуу күндөрү кармаганда юридикалык жардам көрсөткөнү үчүн;

- шектүү адамды күндүз кармаганда юридикалык жардам көрсөткөнү үчүн;

- адвокаттын кылмыш-жаза ишине киришкени үчүн (кайрылуучунун Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча статусу ырасталганга чейин) - кепилденген төлөм;

- тергөө маалында көрсөтүлгөн юридикалык жардам үчүн;

- соттун I инстанциясында көрсөтүлгөн юридикалык жардам үчүн;

- соттун II инстанциясында көрсөтүлгөн юридикалык жардам үчүн;

- көзөмөлдөө инстанциясында көрсөтүлгөн юридикалык жардам үчүн;

- эгерде мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү маалында адвокат алмаштырылса же координатор мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнү токтотуу тууралуу чечим кабыл алса, адвокаттын эмгек акысы кылмыш-жазыкты сот өндүрүшүнүн иш жүзүндө аткарылган көлөмү боюнча төлөнөт.

Адвокаттын Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөрү жана адвокаттын киреше салыгынын кармалышы Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

5. Жумшалган чыгымдарды адамдарды коргоо боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү үчүн төлөнгөн чыгымга киргизүү үчүн негиз болуп төмөндөгүлөр саналат:

- координатордун юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокатты дайындоо жөнүндө чечими;

- адвокаттын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө катышкандыгын ырастаган тергөөчүнүн токтому, судьянын (соттун) аныктамасы. Тергөөчүнүн токтому жана судьянын (соттун) аныктамасы адвокаттын арызынын негизинде чыгарылат;

- мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алып жаткан адам (мындан ары - жардам алуучу) менен адвокаттын ортосунда Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги бекиткен форма боюнча түзүлгөн келишим. Мындай келишимди түзүүгө социалдык камсыздоо мекемесинин аз камсыздык статусун ырастаган маалымкаты негиз болот.

6. Адвокаттын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүгө катышкандыгын ырастаган тергөөчүнүн токтомунда, судьянын (соттун) аныктамасында төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- тергөө органынын же соттун аталышы;

- адвокаттын аты жөнү;

- шектелген, күнөөлөнгөн, айыпталган адамдын аты жөнү;

- иштин номери;

- адвокат катышкан, ушул Тартиптин 4-пунктунда көрсөтүлгөн тергөө же соттук процесстин стадиясы;

- аны түзгөн күн.

7. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөткөнү үчүн адвокаттын эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги же анын аймактык органдары тарабынан төлөнөт.

Адвокаттын эмгек акысын төлөө үчүн тергөөчү, сот токтомду/аныктаманы (үч нускада) чыгарат. Анын бири Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине же анын аймактык органына, экинчи нускасы иштин материалдары менен чогуу тиркелет, үчүнчүсү адвокатка берилет.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги же анын аймактык органдары тапшырылган документтердин негизинде 10 күндүк мөөнөттө адвокаттын мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөткөнү боюнча сумманы аныктап жана төлөп беришет.

8. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алуучу мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алуу үчүн киреше деңгээли жана социалдык абалы тууралуу так эмес жана толук эмес маалыматтарды, документтерди берсе мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү токтотулуп, юридикалык жардам берүүгө кеткен чыгым жардамды алуучудан өндүрүлөт.

Жардам алуучу чыгымды төлөөдөн баш тартса, координатор мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды алууга байланышкан мамлекеттик чыгымды соттук тартипте өндүрүп алуу үчүн прокурорго жазуу жүзүндө маалымат жиберет.

№6 тиркеме
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2011-жылдын 23-сентябрындагы №594
“Адвокаттын мамлекет кепилдеген
юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча
эмгегине акы төлөө
тарифтерин бекитүү жөнүндө”
токтому
КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 7-майындагы
№247 токтомунун редакциясында

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ**

2013-жылдын 7-майы № 247

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 594 "Адвокаттардын мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча эмгегине акы төлөөнүн тарифтерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

"Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жарандардын квалификациялуу юридикалык жардам алууга болгон ажыратылгыс укуктарын камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 594 "Адвокаттардын мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча эмгегине акы төлөөнүн тарифтерин бекитүү жөнүндө" токтомунатөмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1-пунктунун мамлекеттик тилдеги редакциясында "эң төмөнкү эмгек акынын жыйырма эсе өлчөмүндө" деген сөздөр "эң төмөнкү эмгек акынын он эки эсе өлчөмүндө" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

"2. Адвокаттын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү

боюнча эмгегине акы төлөөнүн төмөнкүдөй тарифтери белгиленсин:

- шектүү адамды түнкү убакта, майрам жана эс алуу күндөрү кармаганда юридикалык жардам көрсөтүү үчүн - 800 (сегиз жүз) сом;

- шектүү адамды күндүзгү убакта кармаганда юридикалык жардам көрсөтүү үчүн - 400 (төрт жүз) сом;

- адвокаттын жазык ишине киришкени үчүн (өтүнмөчүнүн мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө макамы ырасталганга чейин) - 1000 (бир миң) сом;

- тергөө маалында юридикалык жардам көрсөтүү үчүн - 1500 (бир миң беш жүз) сом, жазык иши 2 айдан ашык каралган учурда, иштин узактыгын жана оордугун эске алып, катышкан ар бир кийинки күн үчүн 198 (жүз токсон сегиз) сом бардык чыгымдарды эсепке алуу менен;

- соттун I инстанциясында юридикалык жардам көрсөтүү үчүн - 1500 (бир миң беш жүз) сом, жазык иши бир айдан ашык каралган учурда, иштин узактыгын жана оордугун эске алуу менен, катышкан ар бир кийинки күн үчүн 198 (жүз токсон сегиз) сом;

- соттун II инстанциясында юридикалык жардам көрсөтүү үчүн - 1500 (бир миң беш жүз) сом, жазык иши 2ден ашык жолу каралган учурда, иштин узактыгын жана оордугун эске алуу менен катышкан ар бир кийинки күн үчүн 198 (жүз токсон сегиз) сом;

- көзөмөлдөө инстанциясында юридикалык жардам көрсөтүү үчүн 1000 (бир миң) сом, адвокат ишке катышпаганда иш менен таанышууну эске алуу менен.

Белгиленген тарифтер адвокаттын укуктук жардам көрсөтүүгө байланышкан бардык чыгымдарын (транспорттук, командировкалык жана башка) камтыйт.".

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

№ 7 тиркеме

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2017-жылдын 31-майындагы
№ 314 токтому менен
бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор (мындан ары - Борбор) "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин (мындан ары - Министрлик) ведомстволук бөлүнүшү болуп саналат.

2. Борбор өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, Министрликтин чечимдерин, Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. Борбор мекеменин уюштуруучулук-укуктук формасында иш алып барган өз алдынча юридикалык жак болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн жана мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы жазылган мөөрү, банктык мекемелерде өз алдынча эсеби бар.

4. Борбор өзүнүн компетенциясына кирген функцияларды өз алдынча ишке ашырат. Борбордун ишин Министрлик контролдойт.

5. Борбордун ишинин жыйынтыктары Министрликтин коллегиясында талкууланат. Борбордун иши жөнүндө отчет Министрликтин расмий сайтында жарыяланат.

6. Борбордун юридикалык дареги - Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, М.Ганди көчөсү, 32.

## 2. Борбордун максаттары жана милдеттери

7. Борбор мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү боюнча жана мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын жана жарандык коомдун институттарынын ортосундагы өз ара аракеттенүү боюнча процессти координациялоо максатында түзүлгөн.

8. Борбордун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатын ишке ашыруу;

2) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү системасын өнүктүрүүгө көмөктөшүү;

3) "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ишке ашыруунун жүрүшүндө квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча практиканы жалпылоо;

4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамга муктаж болгон адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого көмөктөшүү;

5) мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, башка уюмдар жана жактар менен мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери боюнча өз ара аракеттенүү;

6) мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана жарандык коомдун башка институттары менен биргеликте жарандардын укуктук маданиятын жана укуктук аң-сезимин өнүктүрүүгө, калкты укуктук агартууга көмөктөшүү.

## 3. Борбордун функциялары

9. Жүктөлгөн милдеттерге ылайык Борбор төмөнкүдөй функцияларды ишке ашырат:

1) Кыргыз Республикасынын муктаж болгон жарандарына, чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга квалификациялуу юридикалык жардам берүүгө көмөктөшөт;

2) келип түшкөн суроо-талаптарга ылайык адвокаттарды дайындайт;

3) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү системасына катышкан адвокаттар менен квалификациялуу юридикалык жардам берүү жөнүндө келишимдерди түзөт;

4) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү системасына катышкан адвокаттардын тизмесин аймактар боюнча сот органдарына, прокуратура органдарына, укук коргоо органдарына, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына жөнөтөт;

5) Борбор менен адвокаттын ортосунда түзүлгөн келишимде көрсөтүлгөн документтерди берүү менен координаторлордон жана адвокаттардан маалыматтарды текшерүү, мониторинг жүргүзүү, талап кылуу, юридикалык жардамды алуучуларды ж.б. анкетирлөө аркылуу адвокаттар тарабынан көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардамдын сапатын баалайт;

6) квалификациялуу юридикалык жардамды көрсөткөндүгү үчүн адвокатка акы төлөйт;

7) адвокатка төлөнгөн акынын негиздүүлүгүн контролдойт;

8) адвокат тарабынан көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардам боюнча алуучулардын даттанууларын карайт;

9) адвокатка карата анын кесиптик этиканын эрежелерин бузгандыгы жөнүндө даттануу түшкөн учурда даттанууну, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасына жөнөтөт;

10) көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардам боюнча кварталдык жана жылдык аналитикалык отчетторду түзөт жана аларды Министрликтин коллегиясынын, Кыргыз Республикасынын Юстиция министринин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна берет жана Министрликтин сайтына жарыялайт;

11) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнү каржылоо боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

12) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн бөлүнгөн финансы каражаттарынын пайдаланылганы жөнүндө ар кварталдык отчетторду иштеп чыгат жана Министрликке берет;

13) жарандарды, чет өлкөлүк жарандарды, жарандыгы жок адамдарды жана качкындарды мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү системасынын иштеши жөнүндө маалымдоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана ишке ашырат;

14) Кыргыз Республикасында мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүүчү уюмдарга жана адвокаттарга методикалык жана уюштуруучулук колдоо көрсөтөт;

15) Министрликтин аймактык бөлүнүштөрүнүн алдындагы акысыз юридикалык жардам көрсөтүү боюнча борборлордун ишин жалпы координациялоону ишке ашырат;

16) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери менен алектенген ЖОЖдор, эл аралык, коммерциялык эмес уюмдар менен өз ара аракеттенет;

17) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери боюнча конференцияларды, семинарларды, тренингдерди уюштурат жана өткөрөт, мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери боюнча кызыкдар субъекттер менен координациялык жолугушууларды уюштурат;

18) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдайт жана аларды Кыргыз Республикасынын Юстиция министрине берет;

19) Борбордун ишинин багыттарын каржылоо үчүн бюджеттен тышкаркы булактарды тартат;

20) мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүүдө пайдаланылуучу документтердин формаларын жана бланкаларын иштеп чыгат жана бекитет;

21) Министрликтин аймактык бөлүнүштөрүнүн алдындагы консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү боюнча борборлорго методикалык жана уюштуруучулук колдоо көрсөтөт.

10. Борбор "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык башка функцияларды аткара алат.

11. Борбор өз ишинде Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, сот, укук коргоо органдары, башка мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү чөйрөсүндө иштеген чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар менен кызматташат.

## 4. Борбордун түзүмү

12. Борбордун түзүмү жана штаттык ырааттамасы Кыргыз Республикасынын Юстиция министри тарабынан бекитилет.

13. Борбордун ишин Кыргыз Республикасынын Юстиция министринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу директор жетектейт.

14. Борбордун директорунун "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык дайындалуучу бир орун басары болот.

15. Борбордун курамына ушул Жобонун негизинде иш алып барган жана мамлекеттик жарандык кызматчы болуп саналган, мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү боюнча координаторлор кирет.

## 5. Борбордун директорунун ыйгарым укуктары

16. Борбордун директору:

1) Борбордун ишин пландаштырат жана анын аткарылышын камсыздайт, Борборго жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

2) өзүнүн компетенциясынын чегинде буйруктарды чыгарат, Борбордун бардык кызматкерлеринин аткаруусу үчүн милдеттүү болгон көрсөтмөлөрдү берет;

3) Борбордун кызматкерлери үчүн зарыл болгон шарттарды, материалдык-техникалык жабдууну камсыз кылат, жабдууларды коопсуз техникалык эксплуатациялоо эрежелеринин сакталышын контролдойт;

4) мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы, башка уюмдар жана жактар менен мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды берүү маселелери боюнча өз ара аракеттенет;

5) мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, башка түзүмдөрдө, ошондой эле жарандык коомдун алдында Борбордун кызыкчылыктарын коргойт;

6) Борбордун иши жөнүндө отчетторду даярдайт жана берет;

7) Борбордун ишин жетектөө боюнча башка ыйгарым укуктарды аткарат.

17. Борбордун директору жок учурда анын милдеттерин директордун орун басары аткарат.

## 6. Борбордун мүлкү

18. Борборго бекитилип берилген мүлк мамлекеттин менчиги болуп эсептелет.

19. Мүлк Борборго ыкчам башкаруу укугунда бекитилип берилет жана анын багытталышына ылайык пайдаланылат.

## 7. Борборду кайра уюштуруу жана жоюу тартиби

20. Борборду кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында каралган тартипте ишке ашырылат. Кайра уюштуруу ыктыярдуу же мажбурлоо түрүндө жүргүзүлүшү мүмкүн.

21. Борбордун иши Министрликтин, сот органдарынын чечими боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздерде токтотулушу мүмкүн.

22. Борбордун ишинин токтотулушун каттоо датасы болуп каттоочу орган тарабынан тиешелүү буйрук чыгарылган дата таанылат.

23. Борбордун иши токтотулган учурда анын ишинин жүрүшүндө пайда болгон документтер "Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пайдаланылат жана сакталат.

№ 8 тиркеме

Адвокат көрсөткөн мамлекет кепилдеген
квалификациялуу юридикалык жардамдын
Регистрин жүргүзүүнүн тартиби жана
формасы жөнүндө жобо.
Тиркеме 2 к приказу МЮ КР №79
от 25.04. 2018г

**Адвокат көрсөткөн мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамдын Регистрин жүргүзүүнүн тартиби жана формасы жөнүндө жобо**

Ушул Адвокат көрсөткөн мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамдын Регистрин жүргүзүүнүн тартиби жана формасы жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине ылайык, Адвокат көрсөткөн мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамдын Регистрин (мындан ары - Регистр) жүргүзүү, сактоо тартибин аныктайт.

1. **Регистрди түзүү жана жүргүзүү тартиби**

    1. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбордун Координатору дайындаган адвокат Регистр жүргүзүүгө милдеттүү.
    2. Регистр адвокатка тапшырылган иштин негизинде же аны менен байланыштуу аткарылган анын бардык иш-аракеттеринин жазуу түрүндөгү далилдеринен турат.
    3. Регистрдин титулдук барагы төмөндөгүлөрдү камтышы керек (1-тиркеме):

- «Регистрде камтылган маалыматтар мыйзам менен корголуучу адвокаттык сырды түзөт» грифи.

- Координатордун адвокатты квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн дайындоо жөнүндө чечиминин номерине шайкеш келген каттоо номери;
- адвокаттык ишти жүргүзүүнүн уюштуруу укуктук формасына ылайык адвокаттык билиминин аталышы;
- адвокаттын фамилиясы жана аты, анын лицензиясынын номери, күбөлүк номери;
- корголуучунун фамилиясы, аты жана атасынын аты, туулган күнү жана жылы;
- адвокатты дайындоо датасы;
- кайрылуунун маңызы (жазык, жарандык, административдик);
- иш өндүрүшүндө болгон органдын аталышы.

4. Регистрге Координатордун адвокатты дайындоо жөнүндө чечими жана негизги процесстик документтердин көчүрмөлөрү киргизилет: адвокаттык ишке киришүү жөнүндө жана иштин материалдары менен таанышуу жөнүндө арызы; иштин маңызы боюнча өтүнүч, жазык ишин козгоо жөнүндө токтом, кармоо протоколу, баш коргоо чарасын дайындоо жөнүндө токтом, баш коргоо чарасын узартуу жөнүндө токтом, айыпталуучу катары тартуу жөнүндө токтом, айыптоо корутундусу, өкүм, апелляциялык, кассациялык же көзөмөл даттануусунун көчүрмөлөрү, апелляциялык, кассациялык же көзөмөл инстанцияларынын сотторунун сот актылары, токтомдору, доо арыз, даттануулар, арыздар, доо арызга каршылык, утурлама доо арыз, камсыздоо чаралары жөнүндө даттануулар, арыздар, аныктамалар ж.б.
5. Ошондой эле Регистр өзүнө төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн:

- корголуучунун көрсөтмөлөрү жана билдирүүлөрү;
- корголуучу менен жолугушуулар боюнча жазуулар, өзгөчө корголуучудан алынган көрсөтмөлөр;
- пландалган коргоо стратегиясы боюнча жазуулар;
- жазык ишинен бардык материалдардын көчүрмөлөрү;
- кандайдыр бир башка далилдер же маалымат.

6. Регистрге кирген материалдар, ошондой эле адвокаттын корголуучу менен кат алышуулары түшүнүктүү болушу керек жана адвокатка таандык же андан чыккан катары ачык белгилениши керек. Адвокаттын корголуучу менен кат алышуусу кагаз, санариптик маалымат алып жүрүүчүдө жана электрондук форматта жүргүзүлүшү мүмкүн.
7. Адвокат Регистрге бардык иш-аракеттерди аларды аткарган күндөн тартып 3 жумушчу күндөн кеч эмес киргизүүгө милдеттүү.

## 2. Регистрди сактоо тартиби

8. Адвокат ишти аяктаганга чейин ага берилген иштин негизинде же байланыштуу аткарылган бардык иш-аракеттердин жазуу түрүндөгү далилдерин сактоого милдеттүү.
9. Адвокат Регистрдин материалдарын өзүнчө папкада сактоого, материалдарды номерлөөгө жана алардын тизимин түзүүгө милдеттүү.
10. Адвокат ишти аяктагандан кийин бир ай ичинде Координаторго Регистрди берет, ал жазык, административдик жана жарандык иштерди сактоо эрежелерин жана мөөнөтүн караган мыйзамдардын талаптарына ылайык сакталат.
11. Адвокат Координаторго Регистрди кабыл алуу-өткөрүү актысы боюнча берет.
12. Жыл сайын жана ыйгарым укуктуу органдын суроо-талабы боюнча адвокат көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардам тууралуу маалымат берет.

## 3. Адвокаттардын жоопкерчилиги

13. Ушул Жобонун ченемдерин аткарбаган учурда адвокат "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын Уставына, Адвокаттын кесиптик этика кодексине жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартат.

## 4. Корутунду жоболор

14. Ушул Жобонун талаптары мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү системасына катышкан адвокаттар үчүн милдеттүү болуп эсептелет.
15. Көрсөтүлгөн квалификациялуу юридикалык жардамдын сапатын баалоо чен белгилеринин бири Регистрдин материалдары болуп саналат.
16. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы менен макулдашуудан кийин, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги бекиткен күндөн тартып күчүнө кирет.

**«Каттоодо камтылган маалыматтар мыйзам тарабынан күзөтүлүүчү адвокаттык жашыруун сырды түзүп турушат»**

**КАТТОО №___________/__________**-жыл
(каттоо номери Координатордун мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокатты дайындоо тууралуу чечиминин номерине дал келүүгө тийиш)

_______________________________________________________________

(адвокаттык ишмердикти жүргүзүүнүн уюштуруу-укуктук формасына ылайык адвокаттык билиминин аталышы)

_______________________________________________________________

(адвокаттын фамилиясы жана аты, анын лицензиясынын номери, күбөлүгүнүн номери)

_______________________________________________________________

(корголуучунун фамилиясы, аты жана атасынын аты, туулган күнү жана жылы)

___________________________

(адвокатты дайындоо күнү)

**Кайрылуунун маңызы**_______________________________________________________

(кылмыш, жарандык, административдик)

_______________________________________________________________

(иш анын өндүрүшүндө турган органдын аталышы)

№_9 тиркеме

Өз ара аракеттенишүү түзүмү



**Бишкек ш. Октябрь району боюнча координатору**

**Бишкек ш. Свердлов району боюнча координатору**